# ПРОФ. К.АРТЫКБАЕВ: «Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМА ЖАРАТУУДАГЫ ЧЕБЕРЧИЛИГИ»

**ИСКАКОВА ЭЛВИРА**

*Ж.Баласагын атындагы КУУ, окутуучу, аспирант*

«Талантты эл жаратат, анын элге арналган ак кызматын эл баалайт жана кылымдар бою кастарлап сактайт. Нукура чоң талант элдин жан-дүйнөсүнө биротоло сиңет да, анын зоболосун көтөргөн, бардык ишеничин аткарган залкар күчкө айланат», - деп профессор К. Артыкбаев таланттуулар туурасында белгилеп кеткен.(1, 460-б.)

Ч. Айтматовдун жазуучулук философиясы адамзаттын улуулугуна, жаратылыштын түбөлүктүүлүгүнө, ыйык гуманизмге, асылдык идеясына барып такалат.

Айтматовдун жазуучулук устатынын эң башкы сыры-көркөм ойлоонун ар тараптуулугунда жана көп түрдүүлүгүндө, кыргызчабы же орусчабы, ал эки тилдин кайсынысында жазбасын, ал баары бир биринчи иретте кыргыз элинин турмушун сүрөттөгөн кыргыз жазуучусу. Өзүнүн чыгармаларында ал улуттук тамырга тереңирээк үңүлгөнгө, фольклордук чыгармаларга, анын эпикалык традициялык булактарына кайрылганга умтулат. Проф. Качкынбай Артыкбев: «Ч. Айтматовдун чыгармаларында камтылган турмуштук чындык-тын аянтынын кучак жеткис кеңдиги, бул али анын чыгармачылыгынын чыныгы күчүн аныктоочу бирден бир негизги чен боло албайт. Ошондой эле бул таптакыр эске алынбай калчу да жагдай эмес. Эл тагдырынын орчундуу тарыхый кырдаалдарын чагылдырууну максат кылган жазуучуга канчалык күчтүү жоопкерчилик жүктөлөрү айтпаса да белгилүү. Жүрөгү, жан-дили сезген жазуучулук жоопкерчиликти абийирдүүлүк менен аткаруу максатында талыкпай изденүү арекетинде жүргөн Ч. Айтматов такшалуунун, машыгуунун нечен ашуу-белдерин басып өттү»(1, 460-б.)

Айтматовдун феномени-баарыдан мурда анын көркөм дүйнөгө көз карашынын системасы элдик салтка, «Манас» баштаган эң байыркы фольклорго азыктанып таянганында жана ошону менен бирге аны жазуучу бир эле убакта Батыш жана Чыгыш элдеринин көркөм маданиятынын эң тандамал жакшы тажрыйбасы менен ширелиштире билгендигинде. Албетте, мунун баардыгын акыл менен тизмектеп, жалпылап, түшүнүктүү ыкмага салуу жазуучунун жеке тажрыйбасы десек жаңылышпайбыз. Көркөм адабият жаатында чындыкка ишендирүүнү алып карап көрсөк, жазуучунун чеберчилигине, оюн ишендире алышында –маселенин баардыгы жатат деп айтууга болот. Биз мындай ойго чыныгы жан-дүнөнүн түпкүрүнөн чыккан чыгармаларды окуганда гана келе алабыз. Мисалга Ч.Айтматовдун чыгармаларын алып карап көрөлү: ««Бетме-бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Эрте келген турналар» повесттеринде Улуу Ата Мекендик согуштун трагедиясы эң сонун чагылдырылды. Учурдагы коом жана жеке адам, жаратылыш жана адам, өмүр жана өлүм, жашоо жана сүйүү, эски жана жаңы, жамандык жана жакшылык, адамгерчилик жана нааданчылык сыяктуу маселелерди «Кызыл жоолук жалжалым», «Ак кеме», , «Көздөн учкан көк жээк» повесттеринде, «Кылым каарытар бир күн», «Кыямат» романдарында чоң философиялык күч менен чечип берди. Ушул учкай айтылган мүнөздөмөлөрдүн өзүнөн эле, Ч. Айтматовдун учурдун залкар жазуучусу экендигин байкоого болот» (1, 460-б.) - бул чыгармалардын өзөктөрү чыныгы турмуштан, элдин күнүмдүк жашоосунан бир үзүм, бир көз ирмем, бир окуя же болбосо бир мезгилден, дал ошол учурдан алынып, көөнөргүс көркөм сөздүн жардамы менен коолдолуп баарыбыздын жашообузга кайрадан аралашты.

Таанып-билүү процессинде жана практикалык иште адамдар өз алдынча бир максатты коюшат, тигил же бул милдеттерди көрсөтүшөт. Бирок өз алдынча максат коюу, милдетти формулировкалоо-бул али ойлонгонун ишке ашыруу дегенге жатпайт. Максатка карай туура жолдорду, милдеттерди чечүүнүн натыйжалуу ыкмаларын таап алыш өтө маанилүү. Жазуучу тек гана башынан өткөн окуяларды жазды жана каармандарды да

издеп отурган жок. Ошон үчүн: «Адамды жазуучу кылган, анын балалык чагы…»(12) - деп, советтик көрүнүктүү жазуучу В.Распутин бекеринен айтпаса керек. «Максатка жетүү жолдору, теориялык изилдөөнүн жана практикалык иштин белгилүү принциптеринин, ыкмаларынын жыйындысы - *метод* болуп саналат»(6, 12-б.). Белгилүү бир методду колдонмоюнча, эч кандай илимий жана практикалык милдеттерди чечүү мүмкүн эмес. Бир метод баардык эле нерсеге таандык боло бербейт, методду ар бир адам өзүнө керек болгон шарттарда ойлоп таап, бирдей негизге, бир калыпкасалып ылайыкташтырат.

Ч.Айтматов чыгармаларын жазууда өзүнчө бир ыкманы (методду) жарата алды. Ал ыкманы күчтүү аң-сезими, көөнөрбөс туюму, жашоодон алган чоң тажрыйбасы, тереңдетип окуган илими, ошондой эле бир себептин жана натыйжанын негизинде адамзаттын жашоо турмушуна эң керектүү жогорку идеяларды, акыйкатты, тарыхты, мифтерди, легендаларды, коомдо болуп жаткан чоң жаңылыктарды, өнүгүүнү логика менен айкаштырып өлбөс-өчпөс дайыма окурмандар тамшанып, кайталап окуй турган чыгармаларды жарата алды десек жаңылышпасбыз.

Ал эми азыркы учурда Ч.Айтматовдун ар бир чыгармаларынан кездештире турган логикалуулук баарыбызга тура түшүнүк бере алат: «Логика баарынан мурда ар кандай илимдин куралы болуп саналат, логиканын жардамы менен белгилүү бир натыйжаларга жетүүгө болот, логика – тааным процессинде колдонула турган ойломдун формалары, далилдер жөнүндө өзүнчө бир илим»(4, 373-б.). Чындыгында бул көрүнүштөрдү кыргыз адабиятында алып карап көрсөк Ч.Айтматовдун чыгармалары жогорудагы түшүнүктөргө дал келип, логикалуулук жагынан алдынкы орундарда турат. Себеби жазуучу ар бир чыгармасында ар дайым окурмандардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүүчү идеяларды жарата алды жана булар адабият майданында сынга алынды. Мисалы: «Жамийла» повестинде башкы каарман Жамийланын тагдыры, тандаган жолу окурмандарды ойлондурбай койбойт. Анткени чыгарманы окуп бүтсөк да, каармандардын андан аркы жашоосу кандай болоору бизди өтө кызыктырат. Ошондуктан биз чыгарманын акырын өзүбүз каалагандай аяктай алабыз жана өз түшүнүгүбүз боюнча тыянак чыгарабыз. Ч.Айтматовдун эң бир уникалдуулугу мына ушунда десек жаңылышпайбыз. Анткени жазуучу тагдырдын татаал жолун аягына чейин талдап отурбай окурмандардын ортосуна ачык – айкын салып берет. Ушуга байланыштуу ар бир окурмандын өзүнө тиешелүү, өзгөчө варианты калыптанып, аң – сезиминде сакталып калат. Жазуучунун чыгарма жаратуудагы дагы бир өзгөчөлүгү – көркөм чыгарманын ыргагы анын түпкү маңызына, көмүскө катылган подтекстине дайыма тыгыз байланыштуулугу. Чыгармада каармандардын образы жакшы ачылган жана мүнөздөрү элестүү сүрөттөлгөн. «Бул чыгармадагы чыныгы нравалуулук деп,-жазат проф. К.Артыкбаев - биз Данияр менен Жамийланын кужүрмөн эмгегин, ачык, ак көңүл, шайыр мамилелерин, жүрөктү, тулку бойду эриткен таза сүйүүлөрүн айтсак болот»(1, 464-б.). Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестинде гана эмес баардык чыгармаларында жөнөкөй, түшүнүктүү тил жана ыргактуулук кездешет.

«Ыргак автордун өзү тууралуу, анын ошол мезгилдеги рухий ал – абалы, курактык, моралдык – психологиялык, менталдык, темпераменттик жана башка инсандык касиет – белгилери тууралуу да көптөгөн маалыматтарды бере алат.Мына ошондуктан көркөм чыгармага иликтөө иштерин жүргүзүүдө маселенин бул өңүтүнө да көңүл буруу зарыл»(8, 34-б.). Көркөм информациянын туюндурулушунда, окурманга сунушталышында анын ыргагы өзгөчө мааниге ээ. Бул жагынан ыргак көркөм чыгармага мүнөздүү көркөмдүктүн, поэтикалуулуктун, аруулуктун жана таасирдүүлүктүн тулку – боюн түзүүгө кадимкидей катышы бар. Ушул себептен чыгармадагы ыргакты адам дүйнөсүнүн көрүнүшү, тил аркылуу чагылышы, берилиши деп эсептөөгө да болот.

Маселен,Ч.Айтматовдун чыгармалары адам суктанаарлык ары көркөм, ары лирикалуу, поэтикалуу экени чыгармаларынын өзгөчө ыргагына, ритмо – мелодикалык структурасына тыгыз байланыштуу. Чыгармаларынын көркөмдүүлүгү, лирикалуулугу автордук көркөм аң сезим, көркөм табит менен тилдик каражаттардын гармониясынын негизинде ишке ашкан.Чыгармалардагы мукам ыргак – Ч.Айтматовдун силдик

өзгөчөлүгүн, жан дүйнөнүн кулпуруп, толукшуган керемет көрүнүшүн билдирип турган негизги компоненттердин бири.

Чыгармадагы ыргак, өзгөчө көркөм тексттин ритмо – мелодикасы, угулушу, туюлушу окурмандын бейаңсезимине, ички жан дүйнө күүсүнө көкүрөк кайрыктарына тымызын таасир этет. Адегенде эле тексттин добушу, ыргагы окурмандын көкүрөк күүсүнжандыра алса, ал жан балкыган кубанычка, өмүрүндөтатып көрбөгөн жыргал сезимдерге туш болот. Окурман ошондой текстке арбалып, өзүн да, бул тириликтеги көйгөй маселелерин да, сар-санаасын да унутат. Бул - көркөм тексттин окурманга таасир эткен биз үчүн сыйкыр, али адамзат толук таанып биле элек бир керемет сыры.

Ушул жагдайдан алып, байыркы мезгилге көз чаптырсак, жогорудагы маселелердин баштапкы булагын Аристотелдин эмгектеринен байкайбыз. Аристотель кескин (категорическом) силлогизм жөнүндөгү теорияны түзүүгө чоң салым кошкон. Ал мындай деп жазат: силлогизм – бул речь, «бул речте эгерде бир нерсе болжолдонгон болсо, анда ошол тийиштүү нерсе бар болгондуктан улам тийиштүү нерседен айырмаланган бир нерсе зарыл түрдө келип чыгат»(5, 24-б.). Силлогизм – жалпы нерседен жеке нерсе чыгарылган корутундуну , б.а. дедукцияны билдирет. Бирок Аристотель жеке нерседен жалпы нерсе жөнүндө чыгарылуучу корутундуну,б.а.индукцияны да тааныган. Аристотелдин логикасында далилдөөнүн жалпы принциптери жөнүндөгү маселени иштеп чыкканы чоң мааниге ээ болгон. Мындай көрүнүшкө Ч .Айтматовдун чыгармалары толук жооп берет десек жаңылышпаспыз. Мисалы: жазуучунун чыгармаларында бир адамдын тагдыры сүрөттөлүп жатса да, окурманга тиешелүү бир учурлары кездешпей койбойт. Ошондуктан Ч.Айтматовдун чыгармалары жалпыга таандык, ошол эле учурда жекелик боло алат.

Ч.Айтматовдун ар бир чыгармасында психологиялык көрүнүштөр камтылып, каармандардын жашоо турмушу, кылык жоруктары толук форматта ачылып, кээде окурмандын сүйүүсүнө арзыса, кээде жек көрүүсүн жаратат. Психологиялык көркөм анализ жазуучунун чыгармачылыгынын эң күчтүү жагы. Ч.Айтматов өзүнүн Танабай, Едигей, Орган, Момун чал сыяктуу дүйнөсү терең каармандарынын жан дүйнөсүн рентген сымаал көрсөтүп турган ички монологдорго көп кайрылуу менен катар ал көркөм сөз өнөрүндөгү психологиялык анализдин жаңы, көп тармактуу мүмкүнчүлүктөрүн ачты. «Бетме беттеги» тумандуу кыш, «Жамийладагы» аптаптуу жай, «Саманчынын жолундагы» жылдыздуу асман ,дегеле баардык чыгармаларындагы жандуу, жансыз жаратылыш көрүнүштөрү, күндөлүк турмушта керектелүүчү буюм – тайымдар, портреттик бир сүртүм штрихтер, майда көркөм деталдарга чейин – алардын бардыгынан каармандын «жүрөк кагышы» туюлат, адамдык асыл сапаттар көрүнөт.

Жазуучунун чыгармаларында дүйнөнүн дал өзүндөй эң эски ,- жер жер болуп, эл эл болуп жаралганда кошо бүткөндөй абыдан тааныш адамдык сапаттар, сезимдер, түшүнүктөр жазуучунун «сыйкырдуу» калеминин күчү менен кайрадан жаңырып, жашарып, кайталангыс жаңы көркөм – эстетикалык өз алдынча бүтүн дүйнөгө айланат, өзгөчө өң түс, касиет – сапатка ээ болот. Маселен Ч.Айтматовдун ар бир чыгармасында каармандар ар кандай сыноодон өтүп, жыйынтыгында: «Сейденин образынын ички мүмкүнчүлүктөрү согуш мезгилинде уламдан-улам көбүрөөк ачыкка чыгып, анын активдүү турмуштук позициясы ушул катал кырдаалда калыптанды. Жазуучу Сейденин образынын эволюциясын эң чебер, кылдат ачып бере алган»(1, 463-б.). Ооба, бул ой пикир Сейденин көзү бара-бара ачылып, чындыкты түшүнүп элдин башына оор кайгы түшүп турганда жалгыз өзү бактылуу боло албасына көзү жетти. Ал эми: «Жаратылыштагы асыл, кооз нерселерди сактоо, аны адамдын мүдөөсүнө пайдалануу, адамды сыйлай билүү, адамды зордоодон, акарат кылуудан калкалоо, адамдагы эң бир назик сезимдерге, келечекке умтулган жакшы ой-кыял фантазияларга жол берүү-ушул маселенин ажаты «Ак кемеде» эң сонун ачылган»(1, 467-б.). Ошондуктан кандай гана болбосун адамзат артка кайрылып, илим канчалык өнүксө да мурунку өткөндү талдай билүүсү зарыл. Илим – билимдин башаты тээ алыста болсо да, биз анын тарыхын билишибиз керек. Анткени ошол билим аркылуу биз азыркыдай деңгээлге жетип отурабыз. «…Тарыхый зарылдык

идеясы да, - деп көрсөткөн В.И.Ленин, - жеке адамдын тарыхындагы ролун эч кандай өксүтпөйт: бүткүл тарых өзү шексиз ишмер болуп саналган дал жеке адамдардын коомдун өнүгүшүндөгү аракетинен курулат»(7, 159-б.). Өткөндү кеңири билип, адамзат тарыхты билбесе улуу чыгармалар жаралат беле? Арабыздан генийлер чыгат беле? Эгерде Ч.Айтматов турмуштун тарыхын чечмелеп биле албаса адамды тамшанткан чыгармаларды жараталбас эле… Жашоодо гений адамдар зарылчылыктан, курч талаптан келип чыгат дешет же болбосо – кокустуктан болгон иш. «Так эле ошол улуу адамдын, - деп жазган Ф. Энгельс, - так ошол өлкөдө, белгилүү бир мезгилде пайда болгондугу албетте, барып турган кокустук болуп саналат.Бирок биз бул адамды четтете турган болсок, анда анын ордуна болуучу адамды талап кылуучулук пайда болот, ошентип андай орун базарда табылат, жакшыдыр же жамандыр бирок бир топ убакыт өткөндөн кийин табылат»(9, 470-471-б.). Чындыгында мындай ойлорду колдоп же болбосо четке кагууга болбойт. Биздин оюубуз боюнча белгилүү адамдар учурдун талабынан да келип чыгышпайт. Анткени бизге белгилүү болгон Ч.Айтматовду алып карап көрөлү, ал замандын зарылчылыгынан белгилүү жазуучу болдубу же аны «сен ушундай чыгарма жаз»- деп мажбурлаштыбы? Жок, ага эч ким эч нерсе деген жок, жазуучулук таланты ташкындап, бышып жетилгендиктен, ичтеги бугун, жашоонун кырдаалын элге жеткиргиси келгендиктен өлбөс – өчпөс чыгармаларды жаратты жана ага учурдун тоскоолдуктары сезилбеди, ал мезгилдин агымына карама- каршы сүздү. Тескерисинче агым менен чогу агып, замандын талабына жараша, план толтуруу үчүн иштеген жазуучулар азыр унутта калды жана алардын чыгармалары окулбай калды. Ал эми чыныгы, нукура жазуучулардын эмгектери узак өмүр сүрө алышат. Булардын эмгектери болбосо К.Маркс айткандай болот беле: «Чын пейилдик изилдөөлөр, жалданма жазуучу сөөрөйлөрдүн салгылашууларына өз ордун бошотуп берет, илимий адилеттүү изилдөөчүлүк күн мурдатан белгиленген, кошаматкөй апологетика менен алмаштырылат»(10, 13-б.).

Эгерде Чыңгыз Айтматов өз чыгармаларын бирөөгө кошомат кылып же болбосо убактылуу гонорарга кызыгып жазса, атагы дүйнөгө тарамак тургай кыргыз элинин эчак окуп, унутулуп калган авторлордун катарын толуктамак. Ч.Айтматовдун белгилүү бир орус гезитине берген интевьюсунда айтылган мындай сөзү бар: «Эгер мен алгачкы кадамымдай маанайда жаза берсем, анда адабиятчынын эмгеги жадатма, жөнү жок түйшүккө салган жүк болмок. Анда мен адабиятты таштап, пайдалуурак ишке – айыл чарба кызматына өтмөкмүн»(3, 298-б.). Ооба, жазуучу туура айтат, эгер жасаган ишиңден эч натыйжа чыкпаса, демек, башка нерсе менен алектенүү пайдалуурак. Өзүң эмнени каалап турсаң , колуңдан ошол иш жакшы келсе эмнеге болбосун, албетте, болот. Анткени ал иш өзүңдүн өсүшүңө чоң түрткү болот жана ал иш эмне жөнүндө экендигин жазбай билесиң. «-Менимче, ар ким колунан келген ишин аткаруу керек го. Өзүн инсан катары сезип, мүмкүнчүлүгү, жөндөмү менен эсептешүүсү зарыл» (3, 299-б.). Ч.Айтматовдун чыгармаларына үңүлсөк: «Көпчүлүк чыгармаларында фольклордун эң мыкты традициялары, элдик уламыштар кашкайган реалисттик сүрөттөөлөр менен жуурулушуп кетет. Фольклордук чыгармалар жазуучу үчүн иллюстративдик, же окуянын кызыктуу болушу үчүн кызмат аткарбайт, алар каармандардын жан-дүйнөсүн ачуу максатында, кээде автордун бүткүл идеялык-эстетикалык концепциясына биротоло сиңип, негизги көркөмдүк жүктү көтөргөн зарылчылык катарында колдонулат»(1, 468-б.). Анткени жазуучунун чыгармалары кайнап турган чыныгы жашоодон алынып, ар кыл ойлор менен көркөмдөлгөн. П.и.к., А.Муратов: «Чыңгыз айылдан жазуучу үчүн эң керектүү нерсени – түгөнбөс теманы тапты, ал жерден чынында билим алган жок, табигый – математикалык, гуманитардык илимдерди орто мектептин программасында өздөштүрбөдү, болгону турмуштун сабагын алууга жетишти, а,бул болсо жазуучу үчүн эң керектүү оокат эле»(11) -деп айткандай Ч.Айтматовдун чыгармалары өзү жашаган, бала чагы өткөн Талас жергесидеги, Күүркүрөө суусунун жээгиндеги жашоочулардын турмушунан алынган.Албетте жазуучу ошол окуяларды жөн гана көчүрүп койгон жок – аларды

социалдык – философиялык,психологиялык ойлор менен чулгап, окурмандарга жөпжөнөкөй, жумшак тил менен жеткирди. Жазуучу өзү айткандай: «Жарык дүйнөдө көп эле жазуучу бар. Аларды бирдей деңгээлде жакшы жазууга мажбурлай албайсың. Бирок мен философия ойдун негизи деп эсептейм. Тиричилик өтөт, руханий дүйнө калат. Адамдын руху – бул эң башкысы, ошондуктан биз өзүбүздү ушул жагдайда көрсөтүшүбүз керек. Кандайдыр чоң философиялык жалпылоо, адам рухунун чоң арышы – мени көбүрөөк кызыктырган ушу, көптөгөн башка жазуучулар жөнүндө ушундай ойлойм»(2, 299-б.). Бул айтылган ойлор философия тууралуу так айтылган жана адам баласынын руху канчалык деңгээлде жогору болушу керек деген чечилбеген суроонун башаты болуп кала бермекчи.

Талант - бул жоопкерчилик. Иш үстүндө сүрөткер жалгыз узанат. Жазуучуларда жалпы багыт бир, бирок ар кимдин жолу өз алдынча. Маселен Ч.Айтматовдун чыгармачылык жолун карасак – эң башкы өзөк катары адамзат менен жаратылышты параллель айкалыштыра сүрөттөсү көзгө учурайт. Жазуучулук таланттуулугу жан-жаныбар менен жаратылышты кадимки адам баласын мүнөздөгөндөй терең талдоого алып, аларды кыйынчылыктарын, кайгысын, жетишкендиктерин көз алдыбызга келтире баяндайт. Ал тургай фантастикалык, мифологиялык өзөктүү сюжеттерди катыра талдап, чыныгы турмушка жуурулуштура сүрөттөйт. Адабий көркөм пейзаждын чебери: торгою таңшып тамылжыган таңдан асманына жылдыз батпай,мемиреген, бейпил түнгө чейин, туман чалган адырлуу, бөксөлүү коктулардан, эгин текши аңкып бышкан жайкалган эгин талаасына чейин, ак куулар конгон айдың көлдөн адам буту баспаган ак мөңгүлүү тоолорго чейин элестүү сүрөттөйт. Булар жандуу каармандай ар кандай «мүнөзгө» ээ. Метафора, символдор чыгармалардын көркүн ачып турат. «Анын чыгармалары адабий чыгарма түрүндө гана эмес, театрдын спектаклдердин жана миллиондогон көрүүчүлөрдү толкундаткан кинофильмдер түрүндө да планетаны чарк айланып, кыргыз эллин дүйнөгө таанытып, биздин турмуш образыбызды пропагандалап жатат» (1, 469-б.). Кыскасы Ч.Айтматовдун чыгарма жаратуудагы чеберчилиги ар тараптуу өнүккөн. Маселен, романтика, реалисттик, лирикалуу, драмалуу, трагедиялуу, эпикалуу, фантастикалуу – булардын бардыгынан улуттук колориттин күчтүү деми сезилип, кыргыздык дүйнө көрүм, дүйнө тааным өзгөчөлүгү көрүнөт.

**Адабияттар:**


1. К. Артыкбаев. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы, Бишкек: 2004-ж.
2. Ч.Айтматов. «Бизди ойготкон китептер», Чыг.жый. 8-т.
3. Ч.Айтматов, Чыгармаларынын 8 т.жыйнагы, 8-т.
4. Аристотель.Сочинения. М.,1984. Т. 4.
5. Аристотель. I Аналитика. I
6. В.Г.Афанасьев .Марксистик философиянын негиздери.Ф.:1961.
7. В.И.Ленин ,Чыгармалар, 1- том
8. Маразыков Т. С., Текст таануу жана анын айрым маселелери. I китеп. Б.,2005-ж.
9. К.Маркс жана Ф.Энгельс, Тандалган каттар, М., 1953
10. К.Маркс, Капитал, 1-том,
11. А.Муратов. «Ала – тоодон Ааламга үн салган Айтматов».// «da Кыргызстан» мад.интел-к журнал., 2008-ж.№ 9
12. Распутин В. Каарманды четтен издебейм //Ленинчил жаш, 1977, 22-сентябрь.